# ЖАШ МУГАЛИМДИ ПРОФЕССИОНАЛДЫК АДАПТАЦИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА АЙРЫМ КОНЦЕПТУАЛДЫК МОДЕЛДЕР

**ЖАПАРОВА К.Б.**
biblionsu@rambler.ru

Глобалдашуу кылымында коомчулук, техника өнүккөн сайын илимде ачылыштар, илимий гипотезалар пайда болуп, алардын реалдуу ишке ашып туруусу мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп калды. Билим берүү системасында да коомго, өнүгүүлөргө ылайык жаш кадрларга болгон талап күн санап өсүп барат. Билим берүү мекемелеринде кадрлардын улам-улам алмашуусу, жаш мугалимдердин эмгек ордунда көпкө кармалбаганынын негизги себептеринин бири болуп, аларга багытталган системалуу адаптациялоо шарттарынын жоктугу эсептелет. Жаш мугалимдердин бир орунда калыптанып, өнүгүүсү жана ийгиликтерди жаратуусунан өлкөбүздөгү өзгөрүүлөр көз каранды. Анткени так ошол жаш мугалимдер келген орто мектептерде мамлекетибиздин келечеги болгон жаштар билим алышууда. Жаш мугалимдерди педагогикалык ишмердүүлүккө адаптациялоо, тарбиялоо маселелери көптөгөн илим изилдөөчүлөрдүн көңүл чордонунда болуп келген. Мисалга алсак: жаш кадрларды даярдоодогу маселелерди чечүүгө багытталган теорияларды иштеп чыгууга арналган орус изилдөөчүлөрү Ю.К.Бабанскийдин, Н.В.Кузьминдин, В.А.Сластениндин жана А.Е.Кондратенковдун илимий эмгектери бар. Ал эми «жаш мугалимдерди педагогдук кесипке профессионалдык жана социалдык-психологиялык адаптациялоо» маселесине А.Г.Морозов, Л.Т.Борисова, В.Г.Осеев, Г.И.Насырова жана В.С.Немченколор изилдөө иштерин арнап кетишкен.

Адаптациялоо процесси эң оор психологиялык-педагогикалык феномен болуп саналат. Ал ар бир инсандын өздүк өзгөчөлүктөрүнө көз каранды болуп, убакытты талап кылуу жагынан да ар түрдүү болушу мүмкүн. Адаптациялоо процессинде жаңы чөйрөгө, ишмердүүлүккө көнүү инсандын өзүнүн айрым бир көндүмдөрүнөн баш тартууну, жаңы ыкмаларды, билимдерди, көндүмдөрдү кабыл алууну талап кылуу менен бирге, пайда болгон айрым бир стресстерди, жеңе билүүгө шарт түзүлөт. Жогорудагы процесстер бүтүндөй бир эволюциядагы системалык жана динамикалык мүнөздө болушат. Мурда калыптанган динамикалык стереотиптерден качууга, жаңы көндүмдөрдү кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзүлүп, билим базисин туруктуу формага салып, ишке ашчу нерсеге конкреттүү көз караш менен кароону үйрөтөт жана профессионалдык компеттенттүүлүктүн баскычын жогорулатат, тактап айтканда өзүн-өзү кайра тарбиялоо поцесси жүрөт.

Демек, «адаптациялоо, окутуу жана тарбиялоо» процесстери бири-биринен көз каранды жана бири-бири менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан качан гана жогорудагы процесстердин бирин дагы калтырбай ишке ашырганда мамлекеттик билим берүү тармагында өсүп-өнүгүү же эволюция болот. Бирок тилекке каршы бүгүнкү күндө мамлекеттик стандартта эң маанилүү мезгил катары саналган «адаптациялоо процесси» жөнүндө иштелип чыккан атайын рекомендациялар жокко эсе.

Бул ишти жогорку окуу жайларынан баштап, келечектеги педагог боло турган студенттерге ишмердүүлүгүнүн алгачкы жылдарында пайда болуучу кыйынчылыктар жана маселелер, аларды чечүүнүн жолдору жөнүндө маалыматты кенен берүү абзел. Ал үчүн алгачкы кадам, жаш мугалимдерди педагогикалык адаптациялоо процессин башкаруунун жолдорун жана анын теориялык негиздерин иштеп чыгуу болуп саналат. Мындай максатты көздөгөн Абай атындагы Улуттук педагогикалык университетинин окутуучусу Е.А.Абекова өзүнүн илимий изилдөөсүн дал ушул маселе үстүндө жазган. Ошондой эле ал жаш мугалимдерди профессионалдык чыгармачылыкка даярдоо моделин сунуштаган [1].

**Жаш мугалимдерди профессионалдык**
**чыгармачылыкка даярдоо модели**

| Компоненттери | Критерийлери | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| Өздүк мотивдер | Кесиптик кызыгуу | 1. Педагогикалык чыгармачылыкка берилип кызыгуу<br>2. Педагогикалык талаптарды чечүүдө изденүү жолдору<br>3. Психологиялык-педагогикалык жана методикалык адабияттарды кароо, өз билимин жогорулатуунун үстүндө иштөө<br>4. Өз кесибине жана өзүнө канаттануу |
| Мазмундуулугу | Теориялык билимдин бүтүндөй педагогикалык процесске катышы | 1. Педагокикалык процесстин негизин талдоо<br>2. Өз предметин жакшы билүү<br>3. Окутуунун индивидуалдуу кадамдарын ишке ашыруу<br>4. Окуучулардын изденүүсүн уюштурууда мугалимдин ролун түшүнүү |
| Процессуалдуулугу | Педагокикалык изденүүдө негизги адаттарга жана билимге ээ болуу | 1. Өз чыгармачылыгын пландаштыруу жана проектилөө<br>2. Өзүнүн предметине болгон кызыгуусун так аныктоо<br>3. Коллективди башкара билүү<br>4. Сабакта тартипти бекем кармоо<br>5. Коллекктивде жана ата-энелер менен иштөөдө тарбиялык иштерди калыптандыруу |

Жаш мугалимдин ишмердүүлүгү анын ар тараптан жаңы чөйрөгө көнүү жөндөмдүүлүгүн талап кылат. Профессионалдык адаптация жумушчу менен мекеменин ортосундагы бири-бирине көнүү, ал үчүн тааныш эмес профессионалдык, социалдык жана уюштуруучулук эмгек шарттарына көнүү процесси болуп каралып, ал процесстин жүрүшүнө адамдын индивидуалдык мүнөздөмөлөрү таасир этет. Адабияттарды анализдөө менен жаш педагогдун адаптация процессин ар тараптуу ишмердүүлүккө киришүү, педагогикалык коллектив менен, ата-энелер жана окуучулардын коллективи менен тил табышуу жана иштешүү процесси катары кароого алып келди. Ошентип адаптациялоо процессинин маанилүүлүгү азыркы билим берүү мекемелеринде эң негизги маселелердин бири болуп каралышы керек экендигин мезгил өзү көрсөтүп жатат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абекова Е.А. Профессиональная адаптация начинающих учителей как педагогическая проблема: автореферат дисс… на соискание ученой степени кандидата педагогических наук. Алматы, 2004

2. Калиновская, И. М. Адаптация молодого специалиста в новом коллективе [Электронный ресурс] / И. М. Калиновская // http://www.libsakh.ru/?div+express&hid+145